Америкалыктардын бир анекдоту бар. Кыскача мазмуну мындай: бир ковбой бийликтен жашырынып, көпкө чейин кармалбайт. Издөө көпкө созулуп, ал ортодо башка бир кылмышкерлер да кармалып, көптөгөн маанилүү жана алдын-ала болжолдонгон жумуштар бүткөрүлөт. Издөө улана берет. "Баягы ковбойду качан кармайсыңар?" деп сураган журна-листке полиция шефи: "Анын эми бизге эмне кереги бар?" – деп жооп узатыптыр…

# АЛЕКСАНДР МАКЕДОНСКИЙДИН АЛТЫНЫ КАЙДА?

АКШнын аскерлери Афганистанга №1-террорист Усама Бен Ладенди таап, акыйкат жазалоо максаты менен киргизилгендигин унутуп калгандар үчүн эстетип өтөлү. Ал эми Афганистандагы Тора-Бора тоо массивинин топурак-таңын атайын бөлүктөр бир канча ирет астын-үстүн кылып жатышкан маалда Бен Ладен аерде жок болчу. Айрым булактарга таянганда, АКШнын спецназы Тора-Борада Бен Ладенди эмес, талибдердин алтын фондун – айтылуу Бактриянын байлыгын, Александр Македонскийден калган 20 тонна кенчти издешкен.

Александр Македонскийдин империясынын түндүк-чыгышындагы Бактрия падышалыгын атактуу кол башчынын соратниктеринин бири Селевкид негиздеген. Улуу Жибек жолу өткөн бул падышалык бир убакта Чыгыштагы кубаттуу мамлекет болгон. Бирок кийин ага көчмөн скиф-тер (сактар) да угушкан. Алар өлкөнү басып алышып, тез эле Бактриянын кайрадан оожалышы башталган.

Падышалыктын өзүнүн бир сыры сакталып калган: дал ушул Бактрияда Александр Македонский өзүнүн жакындап калган ажалын сезип (аны бекеринен пайгамбарлардын сабына кошушпайт), өз казынасынын басымдуу бөлүгүн каттырган. Анын артынан ээрчиген бир топ улуктар жана сарай адамдары да байлыктарын ар кайсыл жайларга көмдүрө башташкан. Шаардын көп жерлеринде, андан сырткаркы жайларда түнкүсүн чуңкур казышып, кенч катышкан, жумушту жасаган кулдар өлтүрүлгөн.

Биздин замандын II кылымында Бактрия аты-заты менен кошо байыркы көчмөндөр – кушандар тарабынан жексен кылынган. Бактриянын башкаруучуларынын баа жеткис сырлары алардын өзүлөрү менен кошо о дүйнө салып, ал эми кенч катылган жашыруун жайлар эки миң жыл бою эч бир жан тийбеген бойдон келген.

1978-жылы Бактриянын байлыгын орус окумуштуусу.Виктор Сарианиди тапкан. Анын бул эрдигин, сыягы Троя шаарын издеп табуу менен гана салыштырууга болор эле…

60-жылдардын аягында Афганистан таасир этүүнүн эки: "батыштык" Түштүк жана "советтик" Түндүк бөлүктөргө бөлүнүп калды. "Капиталисттик" сектордо француз-
…дор тынымсыз казуу
…үзүшүп, кандайдыр
…төрдү, кумган-чака-
…ып жатышты. Союздун этегин кармаган Түндүктө мындай "табылгалар" жокко эсе болуп, албетте, капиталисттик илимдин бул артыкчылыгы партбосстордун тынчын алган. Андыктан, 1969-жылы жогорудагы В.Сарианиди жетектеген советтик – афгандык атайын экспедиция жабдылган. Ага "француздардын оозун бир аңкайтып ачтырып коюу" милдети тагылган.



Афгандын ач талаасында он жыл суурдай жер казган Сарианиди Александр Македонскийдин империясынын бүтүндөй бир кыйраган мамлекетин таап чыкты. Топурак алдындагы шаардын үйлөрүнүн пайдубалдарына биздин замандын биринчи кылымында катылган миң-деген алтын жана кымбат баалуу таштардан жасалган буюм-тайымдардын наркын өлчөө мүмкүн эмес эле. Анткени, ал табылгалардын акчалай баасын ал буюмдардын тарыхый касиети көптөгөн эсеге көтөрүп турат.

Виктор Сарианиди, археологдор жана КГБдан коштоп жүргөн жолдоштордун күбөлүгү астында афган чекисттерине табылган бардык кенчти бүтүндөй бир ай убакыт бою тизмелеп тапшырды…

Ал кездерде деле Афганистаның бейпил эмес болчу. Элдик-демократиялык партия Советтик Армиянын жардамы аркасында гана бийликте тырмышып турганы менен, ич ара тытышуудан улам ирип бараткан. Баягы казынаны убактысынча СССРде сактай туруу жөнүндөгү КПСС БКнын жетекчилигинин сунушуна Х.Амин "шык" деп койду. Аны сөзгө келип, эпке көнө турган Бабрак Кармаль менен алмаштыруу.планы ошондон кийин түзүлдү окшойт.

Афганистанды оккупациялоонун планы иштелип бүткөн 1979-жылы күздө Бабрак Кармалды советтик аскерлердин Байрамдагы базасына жашыруун алып келишти. Ал эми ноябрдын акырында Афганистанга келген СССР ички иштер министринин биринчи орун басары генерал Виктор Папутин, батыштын атайын кызматтарынын маалыматы боюнча алганда, Аминдин жашыруун полициясынын башчысы менен болгон атышууда оор жарадар болуп, тез эле каза тапкан.

*(Уландысы бар)*

# АЛЕКСАНДР МАКЕДОНСКИЙДИН АЛТЫНЫ КАЙДА?

*(Башталышы өткөн санда)*

Ошол эле жылдын 30-декабрында Амин айтылуу "Альфанын" жоокерлери тарабынан атылып өлтүрүлгөн.

Бабрак Кармаль Афганистандын президенти болуп калды. Убадага ылайык, баягы кенчтин айрым бир бөлүгү СССРдин атайын фонддоруна өткөрүлүп берилип, көпчүлүк бөлүгү Кабулдагы банктын үлкөн сейф-бункерине салынып, КГБнын көзөмөлүнө тапшырылды. Коргоо системасы өтө ишенимдүү эле. Сейфтин ачкычтары коопсуздук кызматынын беш офицерине берилип, эшик бешөөсү толук катышканда гана ачылчу. Кийинчерээк кенчти СССРге алып чыгып кетүү пландаштырылган эле, бирок моджахеддер менен болгон партизандык согуш аны бузду. Бүткүл Афган согушунун мезгилинде Бактрия кенчи Кабулдагы баягы банкта жатты. Акыркы жолу алтынды 1995-жылы көрүшкөн.

Анан бийликке талибандар келип, Омор молдонун буйругу менен кенч катылган бункер ачылып, каякка жана канча иштетүү укугуна молдоке өзү ээ болуп калды.

Байыркы кенчтин бир бөлүгүн талибдер дароо эле антиквариаттын кара базарына салып ийишти. Эске салып коер нерсе, Бен Ладендин финансы империясынын ордосу буга чейин жана азыр деле Лондон болуп калууда. Шаарда көптөгөн араб банктары жана фонддору жайгашып, анын юмдарды соодалоонун борбору – дарды соодалоонун борбору – дал ушул Лондон. Бул шаарга ааламдын ар тарабынан ар кандай казуу учурунда табылган буюм-теримдердин уурдалгандары тынымсыз агып кирип турат.

АКШнын Афганистанга согуш башташы менен Бактриянын байлыгынын артынан ЦРУ түштү. АКШнын аскердик ведомстволорундагы булактардын далилдөөсүндө, Кабулду штурмалоого "деңиз мышыктары" аталган элиталык атайын бөлүк да катышкан. Бул деңиз жөө аскерлерине Кабулдагы банкты биринчи болуп басып, кандай себеп болбосун, бул жерге антиталибдик коалициянын өкүлдөрүн жакындатпоо озуйпасы тагылган. Атайын бөлүк тапшырманы так аткарган, бирок банктын жертөлөсүндөгү бункерде алтын жок болуп чыкты. Согуштун арапасында талибдер Бактрия алтынын түгөл бойдон Тора-Борадагы жер алды комплексине алып кирип кеткенге үлгүрүшүптүр.

Американыктардын кийинки катуу соккусу ошол Тора-Борага багытталды. Айыгышкан кармашуу бир нече күнгө созулуп, акыры талибдер аман калуу шарты менен багынып беришти. Чын эле, американыктар Бактриянын байыркы башкаруучуларына окшоп кенч кайтаруучуларды өлтүрүшкөн жок. Талибдердин алтын запасына тиешеси бар бардык адамдарды АКШнын Куба аралындагы согуштук базасы – Гуантанамого, көпчүлүктөн көз ал жайдан кимдир-биреөсүнүн кай Эми ал жайдан кимдир-биреөсүнүн кайра чыгышы бир Алладан башкага күмөн дешет. Ал эми бул аралыкта болсо, алиги алтын АКШнын алтын запасы сакталчу Нокс фортуна, согуштук учактар менен жеткирилди да калды. Сыягы, бийлик үчүн болуучу алдыдагы айкаштарда АКШнын колдоосунан үмүт эткен афган жетекчилери Александр Македонскийден калган алтындын Афганистандан алынып кетишине тоскоолдук кылышкан эмес окшойт.

Арийне, алтын деген алтын... Байыркы баа жеткис байлыктын сары изин сая кууп, артынан түшүү али бүтө элек. Орустун атайын кызматтарынын жооптуу өкүлдөрү белгилешкендей, Тора-Борадагы жертөлөгө Бактрия алтынынын айрым гана бөлүгү түшкөн. Жумуртканын баарын бир корзинкеге салба деген англис накылына ылайыктап, молдо Омор кенчти бир нече бөлүктөргө бөлгөн болуш керек да, алардын бирин Тора-Борага жөнөткөн деп ойлоого негиз бар. Калган алтындын кайда катылганын Омор молдо жана... бир Кудай өзү билет.

Антип айтканда да, минтип айтканда да, иши кылып Бактрия алтыны үчүн болгон жарышка орустун атайын кызматтары кайрадан түшүштү. Аз эле убакыт мурда президент Путин Виктор Сарианиди, ушул баяндын баарын баштаган баягы окумуштуу менен жолугушту. Афганистанды, кенч издеп узун-турасынан он жыл казган адам алтынды экинчи ирет да таба алат деп ойлоо акылга сыярлык эле нерсе. Жолугушуудан кийин Путин Афганистандагы Түндүк Альянстын лидерлеринин арасында агентуралык ишмердикти күчөтүү жөнүндө бардык атайын кызматтарга көрсөтмө берди. Азыркы кезде, президенттик администрациядагы айрым булактарга таянганда, Путин менен Сарианидинин кайра жолугушуусу даярдалып жатат.

***"Совершенно не секретно" гезитинен которуп даярдаган:***
***А.МАМЫТОВ***